Б. Б. Алымбаева
Педагогика жана профессионалдык
билим берүү лабораториясы
***Сабырова Э.С.**, БГУ*

БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРДУН ӨНҮГҮШҮ

Педагогикалык ойлордун негизинде баланы тарбиялоодо ата-эненин орду эң чоң экени белгилүү. Коомго толук-кандуу инсанды тарбиялоодо атанын да, эненин да аткарган иши бала үчүн бирдей экендиги каралган.

Макалада авторлор, балдардын жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманаары зарыл деп карашкан. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан. Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган.

Түйүндүү түшүнүктөр: *билим берүү,* өнүгүү, *таалим-тарбия, үй-бүлө, баланы тарбиялоо, педагогикалык ойлор.*

Коомчулук биригип, үй-бүлөдө балдарга көңүл буруу керек экенин айтып, ата-энелерге карата жоопкерчиликти күчөтүш керек. Менимче ата-эне мектеп менен окуучунун ортосунда көпүрө болуп берсе эле терс көрүнүштөргө жол берилбейт.

Эгерде биз мектептен балдарга боорукер, мээримдүү, адамгерчиликтүү болгула деп сабак берип, ал эми ошол эле учурда үй ичинде мамлекеттик телевидение катаалдыкты, уруш-мушташты, кан төгүүлөрдү даңазалаган боевик фильмдерди пропагандалап көрсөтүп жатса, үйдө, бала бакчада, мектепте элдик адептүүлүккө үйрөтүп жатсак, а эшикте болсо мектептин жанында киоскаларда эротикалык, парнографиялык түстү журналдар жайнап турса, ата-эне баласына "сабырдуу бол, токтоо, топуктуу бол", деп насаат айтса, ал эми көчөлөрдөгү жайнаган компьютердик клубдар, жеке үйлөрдө жашыруун уюштурулган видеофильмдер кишидеги агрессивдүү инстинктерди козгогон тасмаларды чүрпөлөргө тынымсыз көрсөтүп жатса, анда биздин коомдогу институттардын, уюмдардын тарбиялык максаты үчүн кол кармашып, бириккени ушулбу?

Байкоо жүргүзүү көрсөткөндөй, балдардын, неберелердин жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, алар балдарына үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманат. Ошол эле чоң энелер ырдаган бешик ыры ырдалат; бир учурда ата-бабалар айткан акыл-насыяттар кайталанат ж.б. Айрыкча айылда үй-бүлөлүк педагогикалык осуяттар күчтүү. Азыр да кыргыз элинин салттуу үй-бүлөлүк тарбия берүүсүнө эмне тиешелүү болсо, анын бардыгын чогултуу, системалаштыруу, үйрөнүү, баалоо маселелери курч коюлууда. Анткени булар этнопедагогиканын негизи болуп эсептелет. Элдик педагогикадагы үй-бүлөлүк тарбия азыркы учурдагы үй-бүлө менен мектеп өзүнчө болуп калган учурда, мисалы шаар шартында коомдук тарбиядан өтө алыстап кеткенин белгилей кетүүгө тийишпиз. Бирок, ушул кезге чейин эли туруктуу жашаган айылдарда ата-энелер жана жакындары, кошуналары иш жүзүндө ошол айылдын ар бир тургуну ар бир баланын тагдырына, тарбияланышына өзүн милдеттүү түрдө жооптуумун деп эсептейт жана кыргыздын үй-бүлөлүк тарбиясын этнопедагогиканын курамдык бөлүгү катары кароо менен анын бир нече түрүн, формасын жана баарыдан мурда, эмгекти, эмгек ишмердүүлүгүн бөлүп көрсөтүү туура болот.

Эмгекчил үй-бүлөдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун салттарынын негизинде Коменский "Эне мектеби" идеясын көтөрүп чыккан. Анын негизинде элдик тажрыйба, элдик кызыкчылык жана идеялар жатат. "Адам кичинекей кезинде эмнени өздөштүрсө, бекем жана туруктуу калат" – деп аныктаган улуу педагог жана ал өзүнүн оюн төмөнкүдөй мисалдар менен түшүндүргөн: "Ал түгүл сынган идиш да биринчи жолу сиңип калган жытты сактайт. Дарактын көчөт кезиндеги жогору, төмөн, туш тарапка кеткен бутактары, эгер аны кесип салбаса, жүз жылдар бою сакталат. Жүн биринчи жолу боёлгон боегун бекем кармагандыктан, аны кайра боегонго болбойт. Ушундай эле адамдагы алгачкы туюму дагы ушунчалык туруктуу болот. Ошондуктан, чыныгы акылмандыктын талаптарына ылайык алар жаш кезинде таасир алганы абдан маанилүү".

Үй-бүлөлүк тарбия менен катар эле Коменский мектепке зор маани берген, аны "билим, жарык, акылмандык, гумандуулук чеберканасы",- деп атаган.

Коменский пикири боюнча мектептик тарбия жынысына, сословиясына, улутуна, диний ишенимине карабастан, бардык жаштарды камтышы керек. Мектеп турмушка даярдашы жана "эмгекчиликтин чеберканасы" бардыгы үчүн сүйүктүү жай болушу керек. "Эне мектеби" – деген эмгегинде: "ар бир үйдө эне тил мектеби – ар бир класста, ар бир айылда жана бардык жер –жерлерде; гимназия – ар бир шаарда, академия – ар бир мамлекетте же ал түгүл ар бир чоңураак провинцияда болушу керек" – деп жазган Коменский. (4)

Адам өз ордун уулу ээлешин каалайт. Жакшы бала – кубаныч, жаманы – кайгы. Сен кудайдан тилеген бала кандай болорун билесиңби? Аны тарбиялай аласыңбы? Эгерде анте албасаң, анда сен күнөөң үчүн гана жооп бербестен, өз балаңдын күнөөлөрүнө да жооптуу болуп каласың. Сен буюмдарга туура мамиле

жасарыңды да ойлой жүрсөң, сенин тынчсызданууң азаят.

Улуу швейцариялык гуманист-педагог И.Г. Песталоцци үй-бүлөлүк байланыш бул табият берген күчтү жана мүмкүнчүлүктү өнүктүрүү үчүн эң жакын, эң натыйжалуу аракеттенүүчү, эң жагымдуу болгон биринчи жана кыйла табигый мамиле болуп эсептелет. Мына ушул өбөлгөдөн швейцариялык педагог төмөнкүдөй кортунду чыгартат: үй-бүлө – алгачкы тарбия берүүнүн эң маанилүү фактору; ал эми ата-эненин үйү – ар кандай чыныгы табигый тарбиянын негизи, адеп-ахлактык жана мамлекеттик мектеп. Балдарга өтө жаш кезинен эле үйдө колунан келген жумушту жасатууну – "тарбиялоонун жашырын сыры" деп эсептеген. Эгерде бала улуулар иштеп жатканда аларга жардам берсе, өзүнүн балалык кубанычтары менен гана жашабастан, улууларга кам көрө да билсе, турмушка даярдана билсе, турмуштун өзүнө өзөктөшүп жуурулушуп кетсе (болгон бардык байланыштардын катышуучусу болсо), анда ал үй-бүлөдө тарбияга ийгиликтүү ээ боло алат.(6)

Сен жакшы баланы тарбиялай билген ата боло аласыңбы?..." Абай тарбия адамды адам кылат деп белгилейт. Адамдагы бардык адаттар, бардык оң жана терс сапаттар, жүрүм-турумунун бардык өзгөчөлүктөрү, Абайдын ою боюнча, биринчи кезекте үй-бүлөдө тарбияланат жана иштелип чыгат. Ошондуктан Абай ата-энелерден өздөрү тарбиялуу болушун талап кылган. Ал баланын кийин кандай болору ата-энеге жараша болот деп ишенген. "Бул жерде татыксыз ата өз уулун адам кылып тарбиялаган бир да учур болгон эмес" – деп эскертет.

Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан. Абай тарбиянын күчүнө өтө ишенген жана өздөрүнүн кош көңүл, алысты көрө албаган аталары менен энелерине окшошпогон келечектеги ата-эне тарбиячы болуучу балдарга абдан үмүттөнгөн.

Абай "көп балдар өз аталарына окшош болушкан жана окшош болуп өсүшкөнүндө" – деп айткан. Ошондуктан ата-энелер үчүн барынан маанилүүсү өз жүрөгүн, акыл-эсин жетилтүү, сезимин баалоо жана мамилесин жакшыртуу. Өзүн адам кылуу, өз балдарын Адам кылуу, Абай педагогдун, насаатчынын негизги ою жана талабы болгон. Ошентип келечекте балдары кандай болору ар бир ата-энеге жараша болот. Демек, келечектеги үй-бүлөнүн негизи да ата-эне кандай түптөгөнүнө жараша болот.

Абай үй-бүлөлүк тарбиялоодо өзгөчө маанини атага, анын балага тийгизген таасирине берген.

Жакшы бактылуу үй-бүлө сүйүүдөн башталарын түшүнгөн, ошондуктан коом үчүн ата-эне өз балдарын туура тарбиялышы керек.

Абай дал ошол бактылуу үй-бүлө гана балдарын эл менен аралашууга жана көптөгөн бийик адамдык сапаттарга өзүнүн жөнөкөй мисалында, өзүнүн күндөлүк жашоосу менен үйрөтөөрүн белгилеген.(10)

Ата-энелердин бири бирине жана балдарына болгон мамилеси – балдарынын андан аркы кең пейил жашоосу үчүн негизги фактор болот.

Адам өмүр бою үйрөнөт. Ошондуктан Абайдын ою боюнча, үй-бүлөдөгү тарбия процесси баланын жашына карабастан үзгүлтүксүз болушу керек. Ошондой болсо да, эгер ата-энелер бул ишти оор милдет катары карап, балдары менен күнүгө иш жүргүзбөсө, күткөн натыйжа бербеши мүмкүн.

Ибрай Алтынсарин үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берген. Адамзаттын бактысына И. Алтынсарин үй-бүлөлүк саламаттыктын жана сүйүүнүн белгилүү ролун белгилеген.

Казак баласы жана өспүрүмү кылымдар бою такталып, аныкталган салт-адаттар боюнча практикалык тарбияны үй-бүлөдөн, жаматтан алышкан. Ал үчүн элдин эмгекчил катмарынын балдары 6–7 жаштарынан баштап эле үй-бүлөнүн эмгектик турмушуна аралаша баштакан, наристелерди тарбиялоодо чоңдорго жардам беришкен, өз ата-энелеринин иштерин өздөштүрүшкөн жана улантышкан.

"Үй-бүлөлүк педагогиканын" салттары бешиктен башталып бойго жеткенге чейин көптөгөн салт-санаалар, балдарды багуу жана аларга кайрылуу жөнүндөгү насааттар менен байланышкан. Мал чарбачылыктын шартындагы уруучулук турмуш, көчмөнчүлүктө жашоо үй-бүлө менен баланын абалына жарамдуу тарбиянын өз алдынча белгилерин берген.

И. Алтынсарин аял-эненин ролу өзгөчө чоң мааниге ээ экенин белгилеп, баланы тарбиялоонун башаты анын колунда экенин айткан. Анын ырлары ак дилден рухий тазалыкты жана назик энелик сүйүүнү сүрөттөгөн. (8)

Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо ата-эненин орду эң чоң. Коомго толук-кандуу инсанды жаратууда атанын да, эненин да аткарган иши чоң.

«Тарбиялоо» деген сөз жазалоо деген эле маанини туюнтпайт. Тарбиялоо өз ичине акыл-насаат айтууну, үйрөтүүнү, оңдоп-түзөөнү, кетирген кемчиликтерди кайталообону камтыйт. Ал катаалдык менен урупсабоону, урушуп-тилдөөнү, адамды басынтып кордоону билдирбейт.

Тамактандырып, тургузуп, отургузуп, эненин кылган нерсенин бардыгын ата да кылалат дейт. Ошону менен бирге эле үй-бүлөдө атанын ролу өзгөчө эркек балага аябай таасирин тийгизет. Эркек бала атанын жүрүм-турумун, баскан-турганын өзүнүн жашоосундагы эң негизги курал катары кармайт экен. Бала мээримди атадан да күтөт. Атанын балага тийгизген мээрими, таасири эненикинен айырмаланып турат.

Чындыгында бирин-бири кадырлап, уруш-талашсыз жашаган ата-эненин тарбиясында өскөн балдардын көпчүлүгү адептүү болуп өсөт. Кыргыз эли байлыкты биринчи орунга коюп, баюуга умтулган эмес. Ырыстуу болуш – бул ынтымактуу жашоо деп түшүнүп, балдарды да өз айланасындагы адамдар менен ынтымактуу болууга чакырган.

Башка эл сыяктуу биздин эл жөнөкөйлүктү адамдын асыл сапаты деп эсептейт. Жөнөкөй адам эмгекчил, ачык-айрым, чоңдун да, кичиненин да оюндагысын таап, кекирейип бой көтөрүүдөн алыс болот. "Улук болсоң–кичик бол, жакшы болсоң-жатык бол",- деп үйрөтөт элдик акылман кеңеш. Эгер улук болуп көп элдин тагдыры колунда турса да, бой көтөрүп кекирейбе, кичи пейил, жөнөкөй бол, бой көтөрүп кекирейүү адамды жакындатпай четтетет деп эскертет. Эгер канчалык жогорку кызматта болсоң да жөнөкөй, адамкерчиликтүү болсоң, чыныгы сый-урматка ээ болосуң. Эл сенин кызматыңды эмес, өзүңдөгү асыл сапаттарыңды баалашат.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы коомдо үй-бүлөлүк жана мектеп тарбия бири-бирине каршы келбейт да, ар бири өз өзгөчөлүгүнө жана артыкчылыктарга ээ болуп, бирин бири толуктоо менен өсүп келе жаткан адамдын инсанынын калыптануу процессин байытат. Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын айкалышы балдардын ар тараптуу жана гармониялуу өсүшүнө көбүрөөк көмөк берет.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт.-Б.:Баласагын 1993.

2. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С.Байгазиев. // Кутбилим. – Б., 2010, 20-август.

3. Бекбоев И. Элдик педагогика – тарбиянын булагы [Текст] Бекбоев И. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. – Б., 2010. – 262 б

4. Коменский Я. А. Избранные педагогические сочинения. Т.2. -М.: Педагогика, 1982.

5. Муратов А. Ж. Кыргыз элинин тарбиялык салттарында балдарды социалдаштыруу идеялары. //Мектеп-школа 2012 № 3 – 12б.

6. Песталоцци И.Г. Избр. пед. соч.: В 2-х т. – М., 1981.

7. Рысбаев С. К. Кыргыз элдик таалим-тарбия принциптери жана методдору – Б., 2007-88б.

8. Ситдыков, А.С. Педагогические идеи и просветительская деятельность И. Алтынсарина. - Алма-Ата: Мектеп, 1968. - 148 с.

9. Ушинский, К. Д. “О народности в общественном воспитании //изб.соч. -М.: Педагогика 1974.

10. Кунанбаев Абай (Ибрагим). Полное собрание сочинений. В 2-х т. (на каз. языке) — Алма-Ата: Гылым, 1977.